**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ЧЕЛЬПЕК**
**АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧЕЛЬПЕКСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГОАЙМАКА**

# ТОКТОМ

**2022-жылдын 4-июлу №33** **Чельпек айылы**

## Чельпек айыл аймагынан 0,80га айыл чарба категориясындагы жайыт жана токой жер тилкелерин өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 2-июнундагы №45 "Жер Кодексинин" 4, 13-статьяларынын, Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Мыйзамынын 9-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169"Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу"токтомунун 2-пунктуна ылайык Кадастр мамлекеттик мекемесинин Каракол-Аксуу филиалынын Челпек айыл аймагындагы №320, 575, 588, 591-контурларынан 0,59га жайыт жана №582-контурдан 0,21га токой жер тилкелерин айыл чарба категориясынан өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга (трансформациялоого) даярдалган жерге жайгаштыруу көктөмөсүн,айылдык Кеңештин 2021-жылынын 27-декабрындагы XVIII-чакырылышынын кезектүү XII-сессиясынын протоколун карап чыгып, Чельпек айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Челпек айыл аймагындагы №320, 575, 588, 591-контурларынан 0,59га жайыт жана №582-контурдан 0,21га токой жер тилкелерине чакан суу электр станциясынын каналын курууга макулдук берилсин.

2. Челпек айыл аймагындагы №320, 575, 588, 591-контурларынан 0,59га жайыт жана №582-контурдан 0,21га токой жер тилкелерин айыл чарба

категориясынан өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берилсин.

3.Бул токтом Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чельпек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы С.Б.Кадаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Омуркулов**

---

Жиберилди:Иш кагаздарга-1,Ак-Суу РМАга –1, Ысык- Көл облустук юстиция башкармалыгына-1, Кадастрга -1.